
С(Кырг)
К-58

Турар Кожомбердиев

# Кетик тиш бөбөгүм

«Көлчүктөгү ай»
2-китеп



УДК 821.51-93
ББК 84 Ки 7-5
К58

Кожомберди

К58 Кетик тиш бе

Б.:2016.- 24 б

ISBN 978-9967-28

~~309 - 11/VII~~
289 - 30/VII Формуляр книги

Зак. 90—100000

***Урматтуу***

Кыргыз элини … лчүктөгү ай» аттуу балдарга арналган
ыр жыйнагы анын … лчүктегү ай" китеби 1961-жылы жаңы
жарык кергөнде к … оң ачылыш жаратканы менен эсте
калган. Бул китеп … укура талант деп тааный баштаган.
Акындын балдар … зор жана пайдалуу экенин мезгил
тастыктап келет. … жылы «Келчүктөгү ай» экинчи жолу
басылып чыккан … Өмүркановдун айтымында, Турар
Кожомбердиев уш … тына дүйнөгө балдардын көзү менен
караган, баланын … елгенин керсөткен: *«Турар поэзияга үйрөнчүк болуп келген жок. Келгенде эле кыргыз поэзиясынын катуу жабылып калган каалгасын шарт ачып, тиш каккан чеберлер отурчу секиге чыгып отурду. Секи ага, ал секиге жарашты. Көз ачып көргөн «Көлчүктөгү ай» кыргыз балдар поэзиясынын туу чокусунда Чолпон жылдыз болуп, түбөлүккө жаркырап калды. Чындыгын айтканда, Турарга чейинки кыргыз балдар поэзиясы «Торпогум», «Мышыгым» деген өтө жөнөкөй деңгээлде эле. «Көлчүктөгү ай» балдардын балалык кулк-мүнез, ой-кыялын таасын чагылдырууда мурда кыргыздын бир да акыны көрбөгөн нерселерди көрүп, аны кемелине келтиргендиги менен поэзия сүйүүчүлөрүнүн жан дүйнөсүнө бүлүк салды, таң калтырды, жаңылык алып келди».*

Турар Кожомбердиевдин чыгармаларынын арасынан эң алгачкы «Көлчүктөгү ай» китебин акындын 75 жылдык маараkесине карата балдарга тартуулоо азыркы мезгилдин талабы деп ойлойм. Анткени китеп дүкендөрүндө кыргыз тилинде жаш балдарга арналып жазылган сапаттуу китептер жокко эсе. Ошол себептен мен, атам - Турар Кожомбердиевдин китептеринин арасынан "Келчүктегү ай" китебин биринчи жаңыча чыгарууну туура көрдүм. "Келчүктегү ай" китебинин бул жаңы басылышында акындын ар бир ырына ылайыкташтырылып образдуу тартылган жаңы сүрөттер пайдаланылды. Ал эми кызыктуу ырларды коштогон керкем сүрөттөр китептин көлөмүн да ээлерин эске алсак, бул жолу "Көлчүктөгү ай" тогуз сериядан турган китепчеге айланды.

Балдар, бул китеп силерге да бардык жагынан кызыктуу жана баалуу көркем дөөлет болуп калат деп ишенем. Андыктан алдыда силер менен кызыктуу жолугушууларга чейин саламатта болгула.

Бул китептердин басылып чыгышына кемек керсөтүп, жардам берген инсандарга да терең ыраазычылык билдирем.

***Китептин түзүүчүсү - Кожомбердиева Нургуль Тураровна***

К4803300200-16

ISBN 978-9967-28-089-2

УДК 821.51-93
ББК 84 Ки 7-5
© Кожомбердиев Т., 2016

Турар Кожомбердиев

# Кетик тиш бөбөгүм

**“КӨЛЧҮКТӨГҮ АЙ”**
**2 китеп**



1297

# КЕТИК ТИШ БӨБӨГҮМ

Эки бетин бөрсейтүп,
Колун сунуп бырсыйтып.
Күлүп калат «кел» десең,
Кетик тишин ырсыйтып.

Атамды да «апа» деп,
Мени дагы «ап-ал-ап»
Балдар муну укканда,
Күлүп калат «ха-ха-лап».



# ЭМНЕ БОЛДУ?

-Эмнегеле кудуңдап:
Кубанасың, каралдым?
- Күчүк тиштөп алыптыр,
Көк мышыктын баласын.
Ыйлаба деп мен анын
Таңып жатам жарасын.

- Эмне ыйладың, каралдым,
Эмне бүркөө кабагың?
- Кармап алып сабачы,
Көк мышыктын баласын.
Тырмап алды колумду
Таңып жатсам жарасын.



# ТОБУМ

Көкөлөп секирген
Тобум тоголок
Суугa чөкпөйт,
Кааласаң тоголот.


Бир бөти кызыл,
Бир бөти жашыл.
Бөрсөм сооронот
Бөбөгүм Асыл.



# МАЙРАМБЕК

Шашкалактап Майрамбек
Оозун сүткө күйгүзүп,
Коркуп жатат чөйчөктөн,
Колун улам тийгизип.

Тиштөп алат экен дөйт,
Сүт ич десек Майрамды.
Ысык го деп калтырап
Үйлөп ичти айранды.


АЙРАН
2,5%

# МАЛАБАЙ

Эмне экөнин карабай,
Алты жашар Малабай,
Мейли, ташты, төмирди
Жөн жүрө албайт жалабай.

Кыштын күнү кол үшүйт,
Кыймылдоого жарабай.
Көк эшиктин туткасын
Жалап алып Малабай.

Чыкпастан үнү,
Жабышты тили.
- Көрүнгөндү жалаба,-
Деди ага Гүлү.



# ЭМИ ОЙЛОСОМ

Бак тиккенбиз кык төгүп,
Кудайберген экөөлөп.
Анын талы чоңойду,
Баккан эле бөпөлөп.
Мен өз талым сындырып,
Ойногом кууп көпөлөк.
Эми эстесем уялам
Ошол кезди эсөлек.
Сындырбасам аларды
Келөкөсүн тийгизип,
Өсүп турмак көкөлөп.



# КИЧИНЕКЕЙ АНАШ

-Кайдан келдиң эңтеңдеп,
Ий, сөктим, Анашым?
- Кармап келдим көчөдөн
Мобу өрдөктүн баласын.
Жылаңайлак кызартып
Үшүтүптүр салаасын.
Боорума кысып жылытам,
Чолок болуп калбасын.



# КӨЧӨ МЕНЕН БАРАТСАМ

Басалбай буту калтырап,
Чоң ата чыкты жолуман.
Жеткирип койдум үйүнө
Жетелеп алып колунан.





28610
1297

# ЖҮКӨН МЕНЕН ЭНЕСИ

*Энеси:*

- От жак десем бутум деп,
Жатып калдың, ойлосоң!
Оорубайбы буттарың,
Оропой тээп ойносоң?

Эки кезү алактап,
Жүкөн минтти шашылып:
- Ойноп кетсем оорубай
Бутум калды басылып.

*Энеси:*

- Мына кандай жаңылык,
Ким угуптур мындайды.
Оруганда топту кууп
Ойнош керек турбайбы.



Турар Кожомбердиев
“КӨЛЧҮКТӨГҮ АЙ”
2-китеп

# Кетик тиш бөбөгүм

Бөбөктөр жана кенже балдар үчүн
Ырлар

## Мазмуну:


Кетик тиш бөбөгүм..........2-3

Эмне болду?..........4-5

Тобум..........6-7

Майрамбек..........8-9

Малабай..........10-11

Эми ойлосом..........12-13

Кичинекей Анаш..........14-15

Кечө менен баратсам..........16-17

Жүкөн менен энеси..........18-19



Басмага даярдаган: Кожомбердиева Нургуль
Сүрөтчүсү: Исраилова Динара
Демөөрчүсү: Кожомбердиев Карыбай
Компьютердик дизайн: Лазаренко Георгий

Кагаз форматы: 84х55 1\16, 1.5 фпл.
Нускасы 3000 экз.
“Continent Print“ ЖЧКсында басылды.
720054 Бишкек ш., Интергельпо көчөсү, 1.




БИБЛИОТЕКА
28616
1297


Турар Кожомбердиев
Беке, Меке, Кеке жана мүйүздүү теке


Турар Кожомбердиев
Кетик тиш бөбөгүм


Турар Кожомбердиев
Биздин күчүк Кумалак



Турар Кожомбердиев
Жалакай Жантай


Турар Кожомбердиев
Көлчүкөгү ай


Турар Кожомбердиев
Тентек улак


Турар Кожомбердиев
Сугалак мышык


Турар Кожомбердиев
Коңуз чегилген чана


Турар Кожомбердиев
Тамаша